УДК: 37.032: 787

Максатбекова У.М., Эркинбаев М.А.
*К.Молдобасанов ат. Кыргыз улуттук консерватория, студент*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ,*

# КЫЛ КЫЯКТЫН КЫРГЫЗ ИНСАНЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Бул макалада адамдын инсан катары калыптанышына кыргыз музыкалык аспаптарынын бири болгон кыл кыяктын тийгизген таасири каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз музыкалык аспаптары, обондор, кайрыктар, күүлөр, элдик музыка, комуз, кыл кыяк, чоор, ооз комуз, сыбызгы.*

*В этой статье рассматривается влияние национального инструмента кыл кыяк на формирование личности, а также методика исполнения произведения, мелодии на кыл кыяке.*

***Ключевые слова:*** *кыргызский музыкальный инструмент, мелодия, вариация, произведения, народная музыка, комуз, кыл кыяк, чоор, ооз комуз, сыбызгы.*

*This article deals with the role of Kyrgyz musical instrument in the formation of Kyrgyz personality.*

***Key words:*** *kyrgyz musical instruments, musical chants, melodies, folk music's, national instruments: komuz, kyl-kiyak, choor, ooz, komuz, sybyzgy.*

Адам-инсан катары өзү жашап турган адамзат коомуна, өзүнүн тегерегиндеги жаратылышына, болуп жаткан күнүмдүк окуяларга өзүнүн көз карашын, мамилесин аң-сезимдүү турдө жөнгө салып турат. Мезгил өткөн сайын инсан өзүнүн жашоосунда ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрщнё жолугуп, зор тажырыйбага ээ болот. Адам айлана-чөйрөгө, дүйнөгө болгон көз карашы тереңдейт жана кеңеет, инсан катары калыптанат. Ушул калыптануу процессинде улуттук руханий-дөөлөтөрдүн бири болгон улуттук музыканын жана улуттук музыкалык аспаптардын ролу чоң. Кыргыз эли коңшулаш элдерден рухий дуйнөсүнүн өз бөтөнчүлүгү, оргиналдуулугу, мукамдуу обон кайрыктары, төкмөлүк жана манасчылык өнөрлөру менен айырмаланган, өзгөчө жогорку көркөмдүүлүктөгү маданий мурас жарата алган. Кыргыз элинин мындай өзгөчөлүктөрүн анын музыкасын изилдеген чет элдик окумуштуулар баалашкан мисалы: француз саякатчысы, музыка иликтөөчү Гийом Капю 1884 жылы Париждеги «Этнографиялык баян» журналына жарыялаган «Көрүп келгендерди эскерүү. Орто Азиядагы кыргыздардын жана башка элдердин музыкасы» деген эмгегинде мындай дейт»: «Туркестандагы кыргыздар менен өзбектердин арасында болгон кезибизде музыкалык пландагы бир нече байкоолорду жүргүзүү учурларына туш болдук.

Анын үстүнө, бири-бири менен канатташ жашашса да, жашоо шарттары таптакыр ар башка болгондуктан, кыргыздар менен өзбектердин поэзиясында, ырларында, музыкасында асман менен жердей айырма бар экен» деп келип, «Эгерде бул кыргыз музыкасы өзбектердин музыкасына караганда прогрессивдүү деп эсептесек, ал пикирибиз кыргыз музыкасынын биздикине (француздардыкына – У.М.) жакындыгынан биздин өзүбүзгө көнүмүш сезимдерди көбүрөөк чагылдырганынан улам келип чыккан. Анын үстүнө, кыргыз обонунун лады (музыкалык түзүлүшү) биздикине өтө окшош; ноталарынын ортосундагы аралык биздин ладдарды түзгөн карым- катышка жакын. Ушуга байланыштуу бизге өзбектерден музыкасына караганда кыргыздардын музыкасын жазып алуу бир кыйла жеңил» - деп жазган. Бул эмгекте француз саякатчысы, музыка изилдөөчү Гийом Капю кыргыз музыкасынын француз музыкасына абдан жакын окшоштугу жөнүндө ойду айтып келип, «Кыргыз музыкасын алгачкы жолу Чаткал тоолорунун арасындагы Шамал-Сай айылында кыргыздардан угуп кубанып, түздөн-түз талдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук», - деп сүйүнүү менен белгилейт. Ошол эле эмгекте «Кыргыз кайрыктары ошондой эле ритмдеринин токтоолугу, кандайдыр бир салмактуу жөнөкөйлүгү, тигил же бул аффектациядан оолактыгы менен айырманалат. Үндөрү, албетте, тунук: тенор менен меццосопрана арбын кездешет», - дейт. Демек, жогорку окумуштуу кыргыз улуттук музыкасына жогорку баасын берип, Орто Азиядагы башка элдердин музыкасынан түп

тамырынан бери айырмаланып, Европанын музыкасына жалпы генетикалык байланышы бар экенинин ырастаган. Ушундай ойлорду белгилүү советтик музыка таанууучу Виноградов В.С. өзүнүн 1958-жылы Фрунзе шаарында жарыкка чыккан «Кыргыз элдик музыкасы» деген эмгегинде «Кыргыздын элдик музыкасы Борбордук Азиянын эч бир элдеринин музыкасына окшобойт» деген ырастоо келтирген. Ушундай эле көз карашты кыргыздын мыкты илимпоз кыздарынын бири, музыка таануучу–теоретик Чынара Уметалиева-Баялиева 2008-жылы Бишкек шаарында жарыкка чыккан «Этногенез кыргызов; музыковедческий аспект. Историко-культурологическое исследование» деген эң сонун фундаменталдуу эмгегинде «Кыргызская диатоника и европейская диатоника имеет общие генетические связи и выросли из одного первоисточника» деп белгилеген.

Жогорудагы ырастоолор, биринчиден, кыргыз элдик музыкалары прогресивдүү, цивилизациалуу тарбиялык мааниси зор экендигине ынандырса, экинчиден, кыргыз инсанынын калыптанышына чоң роль ойноорун билдирет, биздин ата-энелерибиз балдарын ымыркай кезинен бери тарбиялоодо обон кайрыктарды жакшы пайдаланышкан, баланы бешикке салып терметип жатканда бешик ырын уккулуктуу ыргакта ырдап беришкен, мындай аруу, таза жана уккулуктуу ырды эшиткен наристенин жан дүйнөсү аң-сезими таза, тунук жана сезимтал болуп чоңойгон. Кыргыз эли кубаныч-күлкүсүн, арыз-муңун, кайгы-капасын, сүйүү-күйүүсүн улуттук музыкалык аспаптарыбыз комуз, кыл кыяк, чоор, ооз комуз, сыбызгы ж.б. жардамы менен ачык айкын түшүндүрүп келишкен. Ушул музыкалык аспаптардын ичинен кыл кыякка токтололу. Кыл кыякта ойнолгон күүлөрдө, кайрыктарда элдин турмушунда орчундуу окуяларды, жашоо турмушту, дүйнөгө болгон көз карашты чагылдырган философиялык ой толгоолор камтылган. Кыргыздар байыртадан бери эле күү угуп, өксүгөн көңүлдүн бөксөсүн толтурушкан, чаалыккан жанына кубат алышкан, аң-сезимин, рухун тазалашкан.

Кыргыз элинде инсандын калыптанышын үч муунга бөлүп жүрүшөт: жаш муун, орто муун жана улгайган муун. Бул үч муундун кыл кыякты кабыл алышы жана ал жөнүндө ой толгоосун иликтесек, жаш муун кыл кыякты көргөндө жана күүлөрүн укканда, адегенде кыл кыяктын көрүнүшүнө сынына (формасына) көңүл бурушат. Кыл кыяктын жасалышына кызыгуулары артат, аларды кармалап көргүсү келет. Ал эми кыл кыякта ойнолгон күүлөргө, кайрыктарга жана обондорго анча көңүл бөлүшпөйт. Ошол себептен кыл кыяктын көрүнүшүнө жана жасалышына токтоло кетсек. Кыл кыяк – улуттук кылдуу, жаалуу музыкалык аспап. Ал, негизинен, кулак, чара, моюн, куткун, тээк жана башка бөлүктөрдөн турат. Тулкусу көк арчадан, өрүктөн, сом жыгачтан чабылат. Узундугу – 65-70 см. Моюну кыска, беренеси жок. Добуш чыгаруу чарасы тең бөлүнгөн алмурут сыяктуу. Анын жарымы төөнүн териси менен капталат. Алдына туурасынан кичинекей ичке жыгачтан бертик (төшөгүч) коюлат. Капкактын ортосунан төмөн карай ичке кайыш тартылып, чарасына бекитилет. Кыл кыяктын аягы санга коюп тартуу үчүн ылайыкталып ичке келет, башында карама-каршы эки кулагы бар. Ал ыргай, чычырканак, табылгыдан жасалат. Кыл кыяктын тээги үч бурчтук формасында эки ача жыгачтан куткуну кайыш же булгаарыдан эки тилинип жасалып, ага кыл тартылат. Аспапты аттын куйрук кылы тартылган жаа менен жанып ойнойт. Кыл кыякка добушу бийик, мукам, уккулуктуу болуш үчүн эки асый жылкынын куйрук кылы (60-70 талдан ашпаган) тагылат. Кылды аспапка тагарда аны самындап таза жууп, тарап, карагайдын чайырын (дабыркайын) кайнатып сүйкөйт. Кыл кыяктын түрлөрү дүйнөгө, айрыкча, түрк элдеринде кеңири тараган. Алардын ичинен кыргыздын кыл кыягы тембри, добушу, күүлөнүшү, жалпы формасы, чабылышы, тартылышы жагынан казактардын кобызына, кара калпактардын кобызына, тувалыктардын илгесине, хакастардын ыыхына, алтайлыктардын иклемине окшош. Орто муундун өкүлдөрү болсо кыл кыяктын кандайча жасалышына жана ага кандай материал колдонуларына кызыга баштайт.

Орто муундагы адамдын кыл кыяктын күүлөрүнө көңүл буруп жана түшүнүп, угуусу ойгонот. Улуу муундагы адамдар көбүнчө кыл кыякта ойнолгон күүлөргө, кайрыктарга көңүл бурушуп кулагын төшөп, түшүнү менен мамиле кылышат. Себеби кыл кыяктын

коңур добушу адамдын үн интонациясына өтө жакын. Анда адамдардын ар кандай турмушун, согуштук жүрүшүн баяндаган күүлөр тартылат. Адамдардын күлгөнү, ыйлаганы, кошкону, баланын, келиндин, кемпирдин, чалдын үндөрү, жан-жаныбарлардын аракети, табигый көрүнүштөрү так туура алынып баяндалат. Улуу муундагы адамдар кыл кыяктын философиялык мааниси бар күүлөрүн угушканда, ошол жашка чейинки басып өткөн жолуна талдоо жүргүзүшөт. Ал эми кыл кыяктын көрүнүшүнө, сынына анын кандайча жасалышына көп деле көңүл бурушпайт. Кыл кыяк көбүнчө кенже эпосторду айтуучулардын, жомокчулардын жана элдик ырчылардын коштоочу аспабы катары пайдаланылган. Кыл кыякта өзүнө мүнөздүү обон, күүлөр менен бирге комуз, темир комуз күүлөрү да тартылат. Бул жерде төмөнкүлөргө токтоло кетели. 1903-жылы орус художниги Б.В. Смирнов тарабынан «Семетей» эпосунан 270 сап ыр ошо кездеги ырчы-музыкант Кенже-Каранын айтуусунда үндүк аспапка (на восковых цилиндрах) Пишпекте жазылып алынган. Ошондой эле Б.В. Смирнов Кенже-Каранын сүрөтүн кыл кыягы менен тартып алган. Башка бир булактарда Кенже-Кара «Семетей» эпосун кыл кыяк менен коштоп айткан деген да маалыматтар бар. Жаш муундун өкүлдөрү болгон жеткинчектерге, өспүрүмдөргө кыл кыяктын ары сыйкырдуу, ары мукамдуу коңур добушун түшүнүү үчүн кыл кыякта ойнолгон күүлөрдүн баянын, өткөн окуялардын сүйүнүчүн, кубанычын жана кайгысын сөз менен сүрөттөп жеткирүү менен алардын Ата мекенине, кыргыз элине, жаратылышка болгон аруу сезимин ойгото алабыз.

Алсак, Муратаалынын татаал кайрыктардагы «Кара башыл ак токту» аттуу күүсүн балдар кызыгып угуу үчүн илгерки бир кедей үй-бүлөнүн баянын айтуу менен өспүрүмдөрдүн өзүнүн жакындарына аяр жана боорукер мамиле жасоосуна жетишүүгө болот. «Кара башыл ак токту» аттуу күүнүн кыскача баяны: Илгери бир кедейдин кара башыл жалгыз ак токтусу болуптур. Аны ээси жакшылап багып жүрөт. Бирок күндөрдүн биринде түн ичинде байланып турган жеринен ак токтуну карышкыр жемек болот. Үй ээси үй-бүлөсү менен уктап калат. Иттери жаактарын жана чыркырап үрүшөт. Ошондо кожоюндун зайбы ак токтуга карышкыр кол салганы жатканын туюп калып: - «Ойдай эле Ойдай, тур дейм, кара башыл ак токтуну жеп кетти эле, жеп кетти, тур эле тур, кокуй, бол эле бол», - деп күйөөсүн жулкулдатып ойгото баштайт. Бул убакта карышкыр ак токтуну жара тартууга жакындап калган болот. Ошол кезде күйөөсү ойгонот. Ал эшикке атып чыгып: - «Кокуй эле кокуй, кара башыл ак токтуну карышкыр жеп кетти эле, жеп кетти», - деп түн жаңырта айылдаштарына жар салат. Карышкыр качып жөнөйт. Дөңгө барып улуйт. Ушул айтылгандын бардыгы кыл кыякта ойнолот, б.а., кыл кыяк өзүнчө эле бир чакан театрга айланат. Мыкты кыл кыякчылардын өздүк репертуарлары ар түрдүү маңыздагы күүлөрдөн турат. Алардын ана башында Муратаалынын «Байге», «Кер өзөн», «Биздин үндү уккула» деген күүлөрдөн баштап, элдик «Ак барак ботом», «Бекарстан Тайчы», «Куу инген» жана Сайид Бекмуратовдун «Сырдаш», «Эки дос», «Тизгин күү», «Топ жылкы» аттуу күүлөрү менен коштолот. «Күү тарыхы – эл тарыхы» дегендей, ар бир арман күүнүн тарыхы кара сөз, ыр түрүндө кыска, нускалуу баяндалып чертилет.

Мисалы, элдик күү «Сары Ногой – Кара Ногойдун айрылышы» дегенге күүгө кайрылсак, тарыхта Чынгыз хандын уулу Жуучу хандын чөбөрөсү Ногой Алтын Ордонун бирден бир атактуу аскер башчысы (түмөн башы) болгон. Ногой Алтын Ордонун ханы Берке өлгөндөн кийин өлкөнү 34 жыл башкарган. Ушул Ногойдун көзөмөлүндө Венгрия, Польша, Сербия, Болгария мамлекеттери турган. Ногойдун кол алдындагы элдер «ногойлор» деп аталган. Ногой өзүнүн тууганлары болгон Алтын Ордонун ханы Талабугуну хандыктан түшүрүп, экинчи бир тууганы Токтону хандыка коет, көп узабай эле Токтонун колунан өлөт. Эли экиге бөлүнүп, сары ногойлор жана кара ногойлор болуп чоң кыргынды баштарынан өткөрөт. Ошол трагедияны «Сары Ногой – Кара Ногой айрылыш» күүсү баяндайт, бул күү башка эч бир элдердин адабий–музыкалык мурастарында кездешпей, кыргыз элдик ыр күүсүндө сакталып калышы өзүнчө табышмак. Бул баянды айтуу менен өспүрүмдөрдүн кыл кыяка болгон кызуугусун артырууга болот. Жогоруда «Сары Ногой – Кара Ногой айрылыш» күүсү зор чөлкөмдөгү, чоң мамлекеттин элинин

трагедиясын баяндаса, бир адамдын трагедиясын баяндаган да кыл кыяктын күүлөрү бар. Мисалы, «Бекташ» күүсү эл оозунда ар кандай үлгүлөрдө айтылып келген.

Бизге келип жеткен даректер боюнча «Бекташ» баяны XVI –XVII кылымдарга таандык экендиги билинди. Бул мезгилде Алай өрөөнүндөгү Талдык деген жерде Атаган аттуу адам жашаган. Көпкө перзенттүү болбой жүрүп, аялы эркек төрөйт. Баламдын жаны таштай бекем болсун деп, атын Бекташ коюшат. Бекташ эрезеге жетип, акылдуу, күчтүү болуп калмактардын баскынынан эли жерин коргоп жатып каза болот. Ата-энесинин, жубайынын муң-зары, кайгысы күүгө салынып кыл кыякта чертилип кала берген. Байган, Кенже Кара, Жолой, Датка ж.б. адам турмушунда кездешүүчү салтанаттарды чагылдырган жана түркүн жан-жаныбарлардын үндөрүн туурап тарткан атактуу кыякчылар болушкан. Азыркы учурда кыргыз элинин уучу кур эмес, кыргыздын залкарлары Муратаалы Күренкеевдин, Сайид Бекмуратовдун, Толтой Мураталиевдин жолун жолдогон уул-кыздарыбыз бар, алсак, Б.Чытырбаев, Ж.Айсаев, Н.Серкебаев, А.Атилов, З.Касымова, А.Бердигулова, М.Көбөгөнова ж.б. Айта кетчү нерсе, А.Бердигулованын кыл кыяк менен так текени ойнотуп күү чертиши жаш муун тургай, орто жана улуу муундун да таң калтырды. Бул болсо да жаш муундардын кыл кыякка болгон кызыгуусун артырат. Кыл кыяк жана андагы ойнолгон күүлөр, алар тууралуу маалыматтар кыргыз инсанынын калыптанышына өзүнүн оң таасирин берет деген ойдобуз.

**Адабияттар:**

1. Алагушов Б. Бабалардын сырлары. - Б., 2006.
2. Алагушов Б. Кыргыз музыкасы: Энциклопедиялык окуу куралы. –Бишкек, 2004. - 400 б.
3. Виноградов В.С. Киргизская народная музыка. –Фрунзе, 1958.
4. Капю Г. Көрүп келгендерди эскерүү. Орто Азиядагы кыргыздардын жана башка элдердин музыкасы. \\«Этнографиялык баян» журналы. -Париж, 1884.
5. Уметалиева-Баялиева Ч. Этногенез кыргызов; музыковедческий аспект. Историко культурологическое исследование. -Бишкек, 2008.